**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**АКАДЕМИК У.АСАНАЛИЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТОО-КЕН МЕТАЛЛУРГИЯЛЫК ИНСТИТУТУ**

**ТОО-КЕН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК**

**КОЛЛЕДЖИ**

# 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата өткөрүлгөн иш чаранын отчету

**Уюштурган: ТКТКнин кыргыз тили жана адабияты**

**мугалими Жамангулова Н.Т.**

Бишкек-2022

**“ЧЫҢГЫЗ МЕНЕН АЛЫКУЛ - КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ЧОЛПОН ЖЫЛДЫЗДАРЫ!”**

2011-жылдын 28-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атайын токтому аркылуу Кыргыз эл акыны, ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты **Эгемберди Эрматовдун** демилгеси менен **12-декабрь Улуттук адабият күнү** деп кабыл алынган жана 2011-жылдан бери ар жыл сайын Улуттук адабият күнү белгиленип келет.

Адабият дүйнөсүндө не бир керемет чыгармаларды жаратып, окурмандардын жан дүйнөсүн байытууга өз мезгилинде тиешелүү салымдарын кошуп, тарыхта өз ысымдарын чыгармалары менен калтырып кеткен акын- жазуучуларды атай берсек сөз түгөнбөйт. Ошол жүздөгөн акын-жазуучулардын ичинен кара сөз чебери улуу жазуучу Ч.Айтматов жана поэзия пири А.Осмоновдун чыгармачылыгы менен мектеп партасынан баштап таанышып, алардын жаратып кеткен көркөм дүйнөсүн өз боюна сиңирип, аны түшүнүп, аңдап билүүгө аракет кылып, руханий жактан азык албаган кыргыз жок чыгар. Так ушул күнү классик акыныбыз Алыкул акка моюн сунса, улуу сүрөткер Чыңгыз атабыз жарык дүйнөгө келген. Мына ушул эки символикалуу датаны эске алуу менен адабият күнү мамлекеттик деңгээлде белгиленип келет.

Бул күндүн негизги максаты кыргыз адабиятынын бардык жанрындагы чыгармаларды сактоо, өнүктүрүү жана жайылтууну көздөйт.

Биздин окуу жай дагы бул мамлекеттик деңгээлдеги иш чарадан сыртта калбай студенттерибизге улуу эки классиктин өмүр бейнесин, көркөм дүйнөсүн жайылтуу максатында **“Чынгыз менен Алыкул – кыргыз адабиятынын чолпон жылдыздары!”** деген аталыштагы адабий музыкалуу иш чара болуп өттү.

Иш чарага колледждин 1-2-курсттарынын студенттери, КТМИнун директору Маралбаев А.О., КТМИнун Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Алтымышбаева Л.К., ТКТКнин директору Аракеев М.У., ТКТКнин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ташполотов К.М. колледждин мугалимдери жана ата- энелер катышышты.

Залдын ичи классиктердин чыгармачылыгына тиешелүү студенттер тарабынан тартылган плакаттар менен коздолуп, эки классиктин көркөм чыгармаларынан турган бурч уюуштурулду.

Студенттердин көркөм айтуусунда Алыкул Осмоновдун лирикалары жаңырды, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү чакан сценкалар

коюлду жана башка акындар тарабынан Айтматовдун чыгармаларына арналган ырлар көркөм айтылды.

Адабий кече Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимнин аткаруу менен башталып, андан соң улуу классиктердин чыгармаларынан көркөм айтуулар, обондуу ырлар жана чакан сценкалар видеослайддын коштоосу менен көрармандарга тартууланды.



ЭМАк-9-22 группасынын студенти Асеков Кубаныч Алыкулдун образында





Студенттердин акын Алыкулдун ырынан көркөм айтып жаткан учурларынан



Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү аткарышууда

Аыкырында залда отурган көрүүчүлөр тарабынан бүгүнкү күндүн акындары А.Кожогуловдун, Ж.Исабаеванын, Д. Бейшеналиеванын ырларынан көркөм окулду.



Акыры иш чара улуу акын Алыкулдун:

Бар бололу, түгөнбөйлү, курдаштар,

Узак, узак, узак болсун бул сапар.

Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да,

Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар – деген ыр сабы менен жыйынтыкталды.